## ОРХОН- ЕНИСЕЙ РУНИКАЛЫК ЖАЗУУЛАРЫНДА ЖАНА УЙГУР ТЕКСТТЕРИНДЕ АДАМДЫК УЛУУ САПАТТАРДЫН ЧАГЫЛЫШЫ

Проф. Харун Гүнгөр

Орхон-Енисей руникалык жазууларын так, туура баалоо үчүн биринчи кезекте ошол мезгилдеги түрк мамлекетинин (каганатынын) түзүлүшүн, өз башынан өткөргөн доорлорун, анын саясий, маданий жана экономикалык абалын билүүбүз абзел.

Биринчи түрк каганаты Бумын (Тумен, Тумин) тарабынан 552-жылы негизделген. Бумын каган ошол мезгилден баштап «Илиг Хан» деген титулга ээ болгон.[1] Орхон жазууларында Бумын каган жана Истеми Йабгу жөнүндө: «Эждадым Бумын каган, Истеми каган отурмуш. Отурарарк түрк миллетинин илини төресини тутувермиш, дүзенлейивермиш[2]- деп айтылат. Бумын каган 552-жылдын баш ченинде көз жумган. Бумын өлгөндөн кийин мамлекетти Ко-ло (553-ж. өлгөн), Мухан (553-572) жана Топо (572-581) башкарган. 603-жылы түрк мамлекети Чыгыш жана Батыш каганаты болуп официалдуу түрдө экиге бөлүнгөн.

Биринчи түрк каганаты (582-630) түрдүүчө ич ара согуштардын кесепеттеринен жана кытай калкынын «талкала жана башкар» деген принциптеринин негизинде өз ара чаташууга түшөт. Бул туурасында Орхон руникалык жазууларында төмөндөгүдөй сөздөр бар: « … күчүк кардеши ве бүйүк кардеши бир-бирине дүшүрдүгү ичин, Бей ве миллети каршылыклы чекиштирдиги ичин… ».[3] Ушул сыяктуу көптөгөн баш аламандыктардын натыйжасында 630-жылы Чыгыш түрк каганаты, ал эми 659-жылы Батыш түрк каганаты кытайлыктардын кол астына өтөт. Ошол мезгилдердеги кулчулук жашоо руникалык жазууларда: «Түрк халк китмеи шөйле демиш,

---

[1] Akdes Nimet Kurat, "Göktürk Kağanlığı", **Dil-Tarih ve Cografya Fak. Dergisi** (Mart-Haziran 1952) X (1-2), 12.
[2] Kitabeler, I, Doğu, 1.
[3] Kitabeler, I, Doğu 6; II, Doğu 7.

илли миллет идим. Илим шимди хани киме или казаныйорум, дер имиш. Коганлы миллет идим, каганым хани»,[4] деген сөздөр менен түшүндүрүлөт.

Түрктөр Кытай империясына каршы 679-жылы көтөрүлүш чыгарышкан, бирок бул көтөрүлүш ийгиликсиз аяктаган. Түрктөрдүн согуштагы бул жетишпегендигинин себеби жазууларда: «... Өйле дийип Чин каганына дүшман олмуш. Дүшман олуп кендини танзим эдемедигинден йине таби олмуш»[5] деп айтылат. Бирок алар бул согуштан кийин биротоло үмүтүн үзбөстөн өздөрүнүн эгемендүүлүгү үчүн көп жолу согушкан. Экинчи жолку түрктөрдүн көз карандысыздыктары үчүн болгон күрөшү жазууларда «Ко-то-ло» деп айтылган Кутлуг кагандын жетекчилиги астында болуп, бул күрөш жениш менен аяктаган. Анткени жазуулардагы маалыматтарга карай турган болсок, ал жерде мындай деген сөздөр бар: «Йукарда Түрк танрысы, Түрк мукаддес йери, суйу айле танзим этмиш. Түрк миллети йок олмасын, миллет олсун дийе бабам илтериш каган, аннем Илбилге хатун гөгүн тепесине тутуп йукары калдырмыш».[6] Ушулардын негизинде жана жардамында Кутлуг каган түрктөрдүн көз карандысыздыктары үчүн болгон согушту жениш менен аяктаган. Бул согуштун 681/682-жылдары женишке ээ болуп, 682-жылы экинчи түрк каганатынын курулгандыгы айтылып келет.[7]

690/691-жылы Кутлуг каган өлгөндөн кийин анын ордуна бир тууганы Капган каган (691-716) бийлике келет. Капган Каган мамлекетти башкарган мезгилдерде Бумын кагандын башкарган мезгилиндегидей түрктөрдүн кедей-кембагалдары байып жана калкынын саны өскөн.[8] Капган каган Кутлуг хандын бийликтеги урпактарынын ордуна өзүнүн уулдарын алып келүүнү канчалык көксөсө да, анын кокусунан өлүшү бул ой-максаттарынын иш жүзүнө ашуусуна тоскоолдук кылган. Капган кагандан кийин түрк мамлекетинин башына Кутлуг кагандын тун уулу Билге каган (684 -734) бийликке келген.

Биринчи түрк мамлекетинин талкаланышы менен экинчи түрк мамлекетинин түзүлүшүнө чейинки мезгил алардын өз баштарынан өткөргөн окуяларын, түрк урууларынын өз ара жана коншу мамлекеттер менен болгон согуштарын чагылдырган Орхон-Енисей руникалык жазуулары түрк көчмөндөрүнүн уруу жана уруучулук синдромунан узак болгон чон мамлекети болгондугун айгинелейт

Бул руникалык жазуулардын биринчиси 732-жылы агасы Билге каган тарабынан бир тууган иниси Култегинге, экинчиси Билге каган өлгөндөн бир жыл кийин 735-жылы уулу тарабынан Билге каганга, ал эми үчүнчүсү болсо 720-725-жылдары Тонюкук тарабынан өзүнүн атына курулган

---

[4] Kitabeler, II, Doğu, 8-9

[5] Kitabeler, II, Doğu, 9.

[6] Kitabeler, II, Doğu, 10-11.

[7] Kurat, 31

[8] Kitabeler, I. 16; II, Doğu 14

эстеликтер болуп эсептелет. Булардан сырткары Орхон дарыясынын жака белдеринде орхон алфавити менен жазылган жазуулар да бар. Булардын эн негизгилери алтоо.[9] Жогорудагы үч эстелик таш бул жазуу таштарынын эн негизгилери болуп эсептелет. Биз бул корутундубузда жогоруда аты аталган үч руникалык жазууну негиз катары колдонуп орду-орду менен башка жазуулардан жана «Дивану лугат-ит түрк» ж.б.у.с. китептерден пайдаланууга аракет кылабыз.

Чындыгында мазар (күмбөз) таш жазуусу болгон бул эстеликтерди башка күмбөз таштарынан айырмалаган өзгөчөлүгү - түрктөрдүн тарыхы, маданияты жана саясаты жөнүндөгү эн алгачкы булак болуулары. Анткени бул эстеликтер чон бир мамлекетти жөнгө салып башкаруунун жол-жоболорун жана ошол мезгилге чейинки, өздөрүнүн мезгилиндеги, ошондой эле, өздөрүнөн кийинки урпактарга керектүү болгон көптөгөн социалдык системалардын улуу баалуулуктарын өз ичине камтыйт.[10]

Башынан аягына дейре улуттук духка, демократиялык рухка жана адамдык улуу сезимдерге толгон бул жазуулардын адамдык улуу касиеттерди канчалык денгээлде камтыгандыгын ачып көрсөтүүгө аракет кылабыз.

А. Адамдык улуу касиеттер

Адамды башка жандуулардан айырмалап, ага улуулук ыроолоп, көкөлөткөн баалуулуктар адамдык улуу касиеттер деп аталат. Орхон-Енисей руникалык жазууларында бул улуу сапаттарды түрк баатырларынын атына тургузулган эстеликтердеги жазуулардан чыгарууга (байкоого) болот. Анткени руникалык жазууларда ошол мезгилдеги адамдык улуу сапаттар жазылган. Бирок азыркы учурдагы кээ бир терминдер менен айтылып жүргөн улуу сапаттарды ал жазуулардан табуу кыйын. Ошондой болсо да ал жазууларда учурабаган азыркы күндөгү кээ бир улуу сапаттарды ошо учурдагы түрк элинде болгон эмес деп айтуу да туура эмес. Себеби күнүбүздөгү улуу сапаттарды түшүндүргөн терминдердин ошол мезгилде колдонулбашы аларда мындай сапат болбогон дегенди түшүндүрбөйт.

а. Ата Мекенге болгон сүйүү

Ошол мезгилдеги жазуулардан Ата Мекенге болгон сүйүүнүн өтө күчтүү болгондугун байкоого болот. Мамлекеттин борбору болгон Өтүкен ар дайым «Ыдук» деген сапат менен бирге айтылат. Мындай деп бирге айтылуусу бүтүндөй мамлекеттин ыйык экендигинин далили болуп эсептелет. Ошол эле мезгилде бул ыйык жер дүйнөнүн борбору деп эсептелген. Бул жагдайда жазууларда мындай сөздөр бар: «Өтүкен йеринде отуруп керван, кафиле гөндерирсен хич бир сыкынтын йоктур. Өтүкен

---

[9] Muharrem Ergin, **Orhun Abideleri**, İstanbul, 1970, III.
[10] Ahmet Caferoğlu, **Türk Dili Tarihi**, (3. Baskı) İstanbul, 1984, I-II, 110

орманында отурурсан эбедиййен ун оларак отуражаксын».[11] Ошондой эле башка бир жазууда мекен үчүн «Өз йерим, Ыдук йерим»[12] сөздөрү колдонулган болсо кээ бир жазууларда мекен «Тенгри эли»[13] деп баяндалат.

Өзгөчө, алардын түрк мекенин коргогон рухтарга «Ыдук йир-су»[14] деген сөздөрдү колдонуусу түрктөрдүн мекенинин ыйыктыгын жана мекенге болгон сүйүүсүн түшүндүрөт. «Ил калыр, Төре калмаз»[15] сөзү да мамлекеттин улуулугун жана ага болгон сүйүүнү түшүндүрөт. Түрктөрдүн ата-бабаларынан мурас калган өз жерлерине ээ болуулары мекенге болгон сүйүүсүнүн э□ жогорку үлгүсү.[16]

б. Жоомарттык

Руникалык жазууларда жоомарттык: «... миллети беслийейим дийе кузейде Огуз кавмине догру, Гүнейде Чине догру он ики дефа бүйүк орду севкеттим, саваштым»,[17] «Түрк миллети ичин гезе уйумадым, гүндүз отурмадым»[18]- деген сөздөр менен түшүндүрүлөт. Түрктөрдүн кагандары бир тууганы, же болбосо аялы өлгөн мезгилдерде да өз милдеттерин так, туура жана эч кандай кыйшаюусуз аткарышкан. Култегин жана Билге кагандардын өз элинин эркиндиги үчүн болгон күрөштөрдө 16 жашта экендигин көз алдыбызга элестетсек, алардын канчалык денгээлде жоомарт болгондуктарын көрөбүз. Себеби бул согуш жана жоомарттыктардын максаты өз каганатын сактап калуу, ошондой эле эн маанилүүсү «Илсиз миллети илли йапмак» болгон.

в. Эр жүрөктүүлүк

Эстелик таштардагы жазууларда өзгөчө согуш талаалары жөнүндөгү баяндарда: «Күлтигин эр адыны алды»,[19] «Жесур каган имиш», «Танры лүтүфэттиги ичин чок дийе коркмадык, саваштык»,[20] «Чок дийе нийе коркуйоруз»,[21] «... он үч дефа саваштык, иллийи илсизлештирдик, каганлыгы кагансызлаштырдык. Дизлийе диз чөктүрдүк, башлыйа баш егдирдик»,[22] «Түргиш каганын ордусу болчуда атеш гиби, фыртына гиби саваштык» - деген сөздөр колдонулууда. Ал эми өздөрүнүн элдери жөнүндө сөз болгондо эр жүрөктүүлүк жогору бааланып, «Канын су гиби кошту,

---

[11] Kitabeler, II, Kuzey 6.
[12] Huseyin Namık Orkun, **Eski Türk Yazıları**, Ankara, 1987, 449, 450, 505, 527.
[13] Orkun, 441, 449, 450.
[14] Kitabeler, I, Doğu 11; Tonyukuk, II, Batı 3.
[15] Mahmut Kaşgari, **Divanü Lügati't- Türk**, II, 25; III, 221.
[16] Bahaeddin Ögel, **Türk Kültürünün Gelişme Çağları** (III. Baskı), İstanbul, 1988, 458.
[17] Kitabeler, I, Doğu, 28.
[18] Kitabeler, I, Doğu, 26; II, Doğu, 22
[19] Kitabeler, I, Doğu, 31.
[20] Tonyukuk, II, Batı 6.
[21] Tonyukuk, II, Batı 4.
[22] Kitabeler, I, Doğu, 18.

кемигин даг гиби йатты»[23] деген сөздөр айтылат. Ошондой эле эр жүрөк жана чыныгы жигиттерге «алп» сөзүн колдонушкан. Бул жерде өтө баса белгилей кетүүчү жагдай женилген душманды кемсинтүүчү сөздөрдүн колдонулбашы душмандарды бир гана өлдү деп айтуусу. Бул жагдайга көнүл бурган В.В. Бартольд: «Бирок Асурлулар женилген душмандарга карата кемсинтүүчү сөздөр колдонушат эле»[24]- деп айткан. Булардын баары түрктөрдүн эр жүрөктүүлүк жана чыныгы жигит экендиктеринин белгиси болуп саналат.

г. Адилеттүүлүк

Түрк эли адилеттүүлүктү жана тууралыкты туу тутуп, кагандын эн негизги сапаттарынын бири болуусун, ошондой эле мамлекеттеги бардык атуулдардын да адилеттүү болушу мамлекеттин бакубат өмүр сүрүүсүнүн гаранты деп эсептешкен. Бул жагдай руникалык жазууларда «Бейлери де миллети де догру имиш. Онун ичин или өйлеже тутмуш табии»[25] сөздөрү менен түшүндүрүлүүдө. Ошондой эле кытай элинин жалганчы жана амалкөй[26] болгондуктары жөнүндө сөз уланып, мындай жоруктардан узак болуу керек экендиги баса белгиленет. Бул туурасындагы кытай жылнаамаларында «алардын эли жупуну жана ар намыстуу адамдар» деген сөздөрү түрктөрдүн кандай эл болгондугун далилдеп турат.

д. Аялзатына урмат

Орхон-Енисей руникалык жазууларында эркектердин эр жүрөк, алп, баатыр ж.б.у.с. сапаттары менен бирге аялдардын көрөгөч жана акылмандыгы жөнүндөгү сөздөрдү учуратууга болот. Мисалы, «… Аннем ил билги хатун»[27] сөзү менен акылмандуулукка маани берилүүсү эне (аял) тенирчелерге окшоштурулуп «… Умай гиби аннем хатунун девлетине»[28] сөздөрү жекелик мааниде эненин, ал эми көптүк мааниде болсо аялзатынын периштелерден да улуу тенирчелерге окшоштурулушу (салыштырылышы) аялзатына берилген маани жана урматтын белгиси болуп саналат. Өзгөчө, эч бир маданиятта болбогондугуна карабастан түрктөрдө аялдардын дин кызматкери болгондуктары, аларда аялзатына канчалык денгээлде урматсый көрсөтүлгөндүгүн далилдейт.[29] Баса белгилей кетчү нерсе, ошол

---

[23] Kitabeler, I, Doğu, 24; II, Doğu 20.

[24] V.V. Barthold, **Orta Asya Türk Tarihi Hakkında Dersler**, (Hzr. K.Yaşar Kopraman-Afşar İsmail Aka) Ankara, 1975, 17.

[25] Kitabeler, I, Doğu, 3; II, Doğu 4.

[26] Kitabeler, I, Doğu, 5; II, Kuzey 4-5.

[27] Kitabeler, I, Doğu, 11; II Doğu 10.

[28] Kitabeler, I, Doğu, 31; "Umay" için bkz. A. Abdulkadir İnan, Eski Dini Tarihi, İstanbul, 1976, 24-26

[29] W. Eberhard, **Çin'in Şimal Komşuları**, Çev: Nimet Uluğdağ, Ankara, 1942, 73.

мезгилдерде Сами маданиятына окшогон кээ бир маданияттарда (элдерде) аял заты адам катары да эсептелген эмес.

е. Өлүккө урмат

Түрк калктары эзелтеден бери эле өлгөн адамга урмат-сый көрсөтүп, аза күтүп келишкен. Мындай аза күтүүлөрдө айтылган сөздөрдөн бирөө руникалык жазууларда Тонги Тигин[30] үчүн айтылгандыгы маалым болгон «Алп Эр Тунга» дастаны болуп саналат.

«Улшып эрен бөрлейү
Йыртып йака орлайу
Сыкрып үни йурлайу
Сактап көзи өртүлүр»

Дастандагы бул үзүндү «аза күтүү» салтына байланыштуу адамдардын кылгандарын түшүндүрүүдө. Бул жөрөлгөдөн кийин аларга «Барк=Түрбе» жасалган жана ошол сыяктуу нерселер менен алардын түбөлүктүүлүгү сакталууга аракет кылынган. Булардын бардыгы өлүккө болгон урмат-сыйды чагылдыргандыгын көрсөтүүүдө. Ал эми өлгөн душмандын денесине кандай мамиле кылынгандыгын билүү кыйын. Бирок өлгөндөрдүн «балбал» деген жыгачтан жасалган келбеттери аны өлтүргөн баатырдын күмбөзүнө коюлган. Жазууларда бул өзгөчөлүк «Бабам каган илкин Бас каганы балбал оларак дикмиш», «Өнже кыргыз каганы балбал оларак диктим»[31] сөздөрү менен түшүндүрүлүүдө.

Римдеги эң акыркы патриций Цетег Баециевонун «Акылмандуулук менен жубатуу» дегенин окуган. Константинополдо сириялык арык дербиштер никейлик символго халхедондук кошумчалар жөнүндө грек календерлер менен маанилүү талаш-тартыш жүргүзүшкөн. Ктезифондо перс төбөлдөрү эми Ормуздга да, Аримонго да ишенишпей, так менен таажынын союзун узун найзалар менен кармап турушкан согдулук дыйкандардын сепилдерин аралап, дүйнөлүк диндин купкуу үгүтчүлөрү, сыйкырчылар кыйнаган Мани пайгамбардын ысмын данкташкан

Кытайда чачтарын алдырган буддист кечилдер бул дүйнөнүн оопалдуулугу жана жалгандыгы жөнүндө император аялдын кулагынын кужурун алып, конфуцийлик акылмандардын кыжырдануусуна адептүү жүрүш туруштун жана башкаруунун эрежелери жөнүндө жаркылдаган жибекке кара сыя менен жазылган сөздөрүнө көңүл бурушкан эмес. Кербен жолу Жер Ортолук деңизден Сары деңизге чейин өткөн, ал жол боюнча чөлдөр жана тоолор аркылуу жибектер жыпар жыттуу заттар менен бирге идеялар, системалар концепциялар агылган. Бул жердин ээлери болгон түрктөр бардык өлкөлөрдүн үгүтчүлөрү айткандарды көрбөй да, укпай да

[30] Kitabeler, I, Kuzey 6-7, II, Doğu, 30-31; L.Ligeti, **Bilinmeyen İç Asya**, Çev: Sadrettin Karatay, İnkara, 1986, 200.
[31] Kitabeler, I, Doğu, 16; II, Doğu 13.

коюштубекен? Сары дарыянын жээгинен чыккан алардын ата бабалары билимдүү кытайды, гүлдөгөн Согданы, берекелүү Турпанды талаштырган чыр чатактар жөнүндө билбей коюшмак беле? Ал эми башка жакта, түндүктө акылман жана токтоо, ошондой эле каны кызыл койчу жоокерлерге таасирин тийгизген Сибирь жаткан эле. Мына ушул бардык факторлорду эске албай туруп бизге байыркы түрктөрдүн дүйнөгө көз-карашы жана өнүгүшү, башынан өткөргөн өзгөрүштөрү түшүнүксүз болот.[32]

Бардык диндер түрк элинин көз-караштарына өздөрүнүн таасирлерин тийизсе да, алардын эзелтеден бери келе жаткан диний ишенимдерин биро толо өзгөртө алган эмес.

Түрктөрдүн диний ишенимдери буддизмде эн негизги өзгөчөлүгүн тапкан Индия, мужизе ишеними менен азыктанган жана ишениминин негизин коркуу түзгөндүгү белгилүү болгон Сами жана материяны негиз катары кабыл алган Грек системасынан айырмаланып турат. Ушул сыяктуу айырмалардан улам түрктөр буддизм, христиандык… ж.б. көптөгөн диндерди кабыл кылышып, алар тууралуу чыгармалар жазышкан, сыйынуу үйлөрүн курушкан жана алардын терминологиясын да колдонушкан.

Түрк эли эч бир динге каршы чыгышкан эмес. Булардын далили катары шаарларындагы буддизм, манихеизм жана христиан ибадатканаларынын[33] жанында мусулмандардын мечиттеринин жанаша курулгандыгын көрсөтө алабыз. Уруулардын федерациясы катары эсептелген түрк мамлекетинин расмий жазуусу болгон Орхон руникалык жазууларында аза күтүү салты, ыйык жер-суу жана Тенир жөнүндө сөз болгону менен шаманизм жана дин адамдары камдар тууралуу баян болбогондугу мамлекетте дин адамдарына анчалык деле маани берилбегендигин айгинелейт. Бул нерселер дин ишениминин жеке пенденин дилине байланышкан иш болгондугун, дин жана дил эркиндигинин бар экендигин көрсөтүп турат. О.э. аларда болгон мамиленин мындай болуп калышы Тенирди «бүт ааламдын жаратуучусу жана жалгыз» же Deus Otious түрүндө элестетишкенинде. Алардын динге болгон мындай мамилелеринде Тенирди ааламды өз кучагына алган зат катары түшүнүүлөрүнүн жана Deye Otuoye түрүндө элестетүүлөрүнүн ролу чон.

Азыркы мезгилде да түрк дүйнөсүн диний жактан изилдей турган болсок, алардын диний ишенимдериндеги ар түрдүүлүктү байкоого болот. Бул ар түрдүүлүк алардын диний толеранттуулук пикирине ээ болгондуктарынан жана Тенир түшүнүгүнөн ортого чыгууда.

Уйгурлар 745-жылы түрк мамлекетин талкалашып, анын ордуна борбору Өтүкен болгон бир мамлекет курушкан (745-840). Мамлекеттин

---

[32] Лев Николаевич Гумилев, **Байыркы Түрктөр, Бишкек 1999,** 79-б.

[33] Laszlo Rasony, **Tarihte Türklük** (II. Baskı), Ankara, 1988, 109-б

борбору Ордо Балык болгон. 747-жылы мамлекеттин негиздөөчүсү Кутлук Билге Күл өлгөндө анын ордуна уулу Моюнчур (747-759) каган болду. Моюнчур тарабынан атасынын атына тургузулган «Шине-Усу» жазуусунда: «Гөк йер эмретти, Гөк (Танры) тутуверди»[34] - деп, такка олтуруунун жолжоболору баяндалат.

Улуу өкүмдар болгон Моюнчур түрк элдерин өзүнө каратып, Орто Азияда бийлик жүргүзүп, Кытайга чейинки жерлерди басып алган.

Ошол мезгилдердеги түрк жана ислам тарыхында өзгөчө мааниге ээ болгон Талас согушу (751- ж) болгон. Бул согушта женилген кытайлыктар Орто Азиядан чыгып кетүүгө аргасыз болушкан. Өзгөчө, ошол убактарда Кытайда көптөгөн чыр- чатактарды болтурбоого аракет кылган Моюнчур Кытайдагы түрктөрдүн санынын көбөйүшүнө ыңгайлуу жагдайларды түзгөн.

759-жылы атасы өлгөндөн кийин бийликти өз колуна алган Алп Күлүг Билге каган (Бөгү каган) (759-779) көнүлүн Кытайга буруп тибеттиктердин басып алуусуна дуушар болгон Кытайды сактап калуу үчүн Пу-Ку Хуеиэнин өтүнүчү боюнча Ло-Йагн шаарына келген. Ал жерде мани динин кабыл кылган.

Натыйжада Бөгү кагандын жардамы менен 763-жылдан баштап уйгурлардын расмий дини манихеизм[35] болду. Буга кошумча иретинде уйгурлардын буддизм сынарындай манихеизмди да саясий жана маданий себептерден улам кабыл кылышкандыгын айтуу абзел.

Уйгурлардын кабыл кылган манихеизм ортодокс бир манихеизмдин эмес, анын динаверийе агымы[36] болуп эсептелет. Манихеизмди расмий дин катары кабыл кылган Өтүкен Уйгур мамлекети 840-жылы түрк мамлекети болгон кыргыздар тарабынан талкаланганда, алар бөлүк-бөлүк болушуп өз жерлерин таштașып, Кытай тарапка жана соода борборлору дүркүрөп өскөн Орто Азиянын Беш Балык, Турпан, Куча ж.б. жерлерине көчүшкөн.

Кан Суу аймагына качып келишкен уйгурлар Жен Меи кагандын жетекчилигинде бир мамлекет курушкан. Армия жана саясий жактан күч-кубатсыз, жаны түзүлгөн уйгур мамлекети 1028-жылы Тангуттардын карамагына өтөт. 1228-жылы болсо уйгурлар монголдордун басып алуусуна дуушар болушат. Ошол мезгилдерден баштап эле уйгурлар манихеизм динин бекем кармашып, байыртадан бери келе жаткан ишенимдерин да улантып келишкен. Алар Кытай сарайларына жөнөткөн элчилеринин катарында дин адамдарын да жөнөтүшкөн. Чандар уулдары: «934-жылы сегиз уйгур манихеизм дин өкүлүнүн Кытай сарайына келүүсү Кан Суу уйгурларынын

---

[34] Hüseyin Namık Orkun, **Eski Türk Yazıtları**, Ankara, 1987, 168-177.
[35] Uberto Pestalozza, II. Mamicheismo presso I Turchı Occidentali ed Oriental'ı R. İstituto Lombardo di Scienze e Lettere Rendiconti, Serie II vol, 67 (1934), 455.
[36] Ramazan Şeşen, **İslam Cografyacılarına Göre Türkler ve Türk Ülkeleri**, Ankara, 1985, 79; Seyyid Hasan Takizade, **Mani ve Din-i O**, Tahran 1335/1956, 20.

дагы манихеизм динин кабыл кылышкандыктарын айгинелейт» - деп айтат.[37]

Өтүкен Уйгур мамлекетинин талкаланышынан кийин да Орто Азиядан кетпеген уйгурлар 856-жылы Менгли кагандын жетекчилигинде Тенир Тоо, Беш Балык жана Турпан аймактарында бир мамлекет түзүшкөн. Тибеттиктердин басып алууларына көп жолу дуушар болгон кытайлыктар бул мамлекетти биринчилерден болуп тааныды. Саясий чөйрөдө өзүн кыска бир убакта көрсөтө алган уйгурлар Орто Азиянын соода борборлоруна жакын болгондуктан мамлекеттин экономикасын да көтөрө алды. Ошондой эле, алар ошол учурда ал жерлерде манихеизм дининин жайылуусунда чон роль ойношкон. Тун-Хуанг аймагын басып, алып ал жерде мамлекет курган кытай командири «ак кийим кийген асман уулу» наамын алган.[38] Турпан, Кашгар, Беш -Балык, Куча жана Хами шаарларын басып алган Уйгур мамлекети борбор шаар катары Куча шаарын тандап алган, ал эми алардын өкүмдарлары болсо «Ыди-Кут» наамын алышып улуу заттарга айланышкан.[39]

Бул мамлекетте манихеизм менен биргеликте буддизм да жайылган болчу. Биздин буддизмоманихеизм деп айткан абалды бул жерден көрүүгө болот.

1209-жылы Чынгызхандын кол астына өткөн бул мамлекет 1368-жылга чейин мамлекет катары жашап келген. Алар монгол бюрократиясында өтө маанилүү роль ойношкон.[40]

Жогорудан байкаганыбыздай, манихеизм Орто Азияда уйгур мамлекетинин саясий жардамы аркылуу жайылган. Уйгурлардын саясий жактан начарлашы манихеизмдин Орто Азиядагы таасиринин азайышына жана буддизмдин жандануусуна алып келген.[41]

Жаны маданият чөйрөсүнө кирген башка улуттардай эле түрктөр да ошол маданияттардын издери болгон манихеизм, буддизм жана несториан христиандыгына мүнөздүү болгон тексттерди өздөрүнүн тилдерине которууга киришишкен. Бул которуу иштеринде алар чон ийгиликтерге жетишишкен.[42] Шине-Усу жазуусун эсепке албай турган болсок, калган бүт чыгармалардын баары жогоруда айтып өткөн диндерге тиешелүү экендигин көрөбүз. Бул өзгөчөлүктөрдү эске ала турган болсок диний ишенимдерге

---

[37] Gülçin Çandarlıoğlu, **Sarı Uygurlar ve Kansu Bölgesi Kabileleri** (Yayınlanmamış Doktora Tezi), İstanbul, 1967, 108,120.

[38] Çandarlıoğlu, 97-98.

[39] Bahaeddin Ögel, **Türk Mitolojisi I**, Ankara, 1971, 81; Reşit Rahmeti Arat "Iduk-kut ünvanı hakkında" **Makaleler I**, (Hz. Osman Fikri Sertkaya), Ankara, 1987, 493-503.

[40] İbrahim Kafesoğlu, "Uygurlar", **Türk Dünyası El Kitabı**, Ankara, 1976, 728.

[41] A.V. Gabain, "Buddhistische Türkmenission", Asiatica, Leipzig 1954, 161.

[42] Semih Tezcan "En Eski Türk Dili Yazını", Bilim Kültür ve Öğretim Dili Olarak Türkçe, Ankara, 1978, 290-806; Sultan Mahmut Kaşkarlı, "Uygur Edebiyatının Tarihi Gelişimi", **Türk Dünyası Araştırmaları** (Ekim1990) LXVIII, 57; Louis Bazın, "La litterature Epigraphigue Turgue Ancienne, **Philolojise Turcicse Fundamenta II**, Wiesbaden 1946; 205; Osman Fikri Sertkaya, "Eski Türk Şiirinin Kaynaklarına Toplu Bir Bakış II", **Türk Dili** (Agustos 1988),CMXL, 99-109.

байланыштуу болгон тексттерден адамдык улуу сапаттарды тактоонун кыйын экендигине күбө болобуз. Анткени биз бул тексттерден жыйынтык чыгарууга аракет кылсак, биздин бул иш аракетибиз адамдык улуу сапаттарды изилдөөгө караганда көбүнчө диний баалуулуктарды изилдөө болуп калат.

Ошондуктан биз бул жерде уйгурларга мүнөздүү болгон адамдык улуу сапаттарды, элдик философияны чагылдырган макал-лакаптардан жана заманыбыздагы кээ бир булактардан колдонуп изилдөөгө аракет кылдык. Бирок биз булардын ар бирин өз-өзүнчө түшүндүрүүнүн ордуна түрктөр менен болгон окшоштуктарга басым жасап жана айырмаланган өзгөчөлүктөр жөнүндө сөз кылабыз.

Шине-Усу жазуусуна көз чаптырганда уйгурлардын дагы түрктөр ээ болгон адамдык улуу сапаттарга ээ болгондуктарын көрөбүз. Себеби бул туурасында төмөндөгүдөй мисалдар бар: Уйгурлар дагы мекенин чындап сүйүшөт.[43] Мекенин сактап калуу үчүн эрдик көрсөтүшөт,[44] адамдарды сактап калуу жана алардын муктаждыктарын канааттандыруу үчүн фонддор курушат. [45] Уйгур мамлекетинде аялзатына болгон урмат-сый жакшы болгон. Анткени аялдар мамлекеттик бийликте иштей алышат эле.[46]

Диний көз караш жана дил эркиндиги боюнча бардык түрк өкүмдарлары сыяктуу эле уйгур өкүмдарлары да мамлекеттин келечегин сактап калуу максатында чоң диндерге өтө жогору маани беришип, ал диндерди кабыл кылышкан. Бул жерде көңүл буруучу жагдай, элдин мамлекеттин жүргүзгөн дин саясатына каршы чыкпоосу. Мындай учурда ар башка диндерге ишенген адамдардын бир жерде ынтымактыкта жашоолору аларда дин эркиндигинин бар болгондугунун белгиси болуп саналат.

Манихеизмдин дуба китеби болгон Хаустванифтте будда эстелегине урмат көрсөтпөө «күнөө» деп эсептелүүсү дагы[47] уйгурлардагы дин жана дил эркиндигинин эң үлгүлүү мисалы.

Түрктөрдөй эле уйгурлар да билим жана акылмандуулукка өтө маани беришкен. Бул өзгөчөлүктү каган наамдарына жана жогорку мамлекет кызматкерлеринин аттарына акылман сапатынын уланып айтылышынан байкоого болот. Ал төмөндөгүдөй:

«Билгелик йанылмаз, йергилиг азмаз»,

«Мин киши йүзин билгинже, бир киши алин билгү»,

---

[43] Mustafa Argunşah, "Uygur Atasözlerinde Vatan Sevgisi", **Erciyes** (Aralık 1990), CLVI, 12-13.

[44] W. Barthold, **İslam Medeniyeti Tarihi** (Neşr: M.Fuad Köprülü) IV. Baskı, Ankara, 1977, 334; A. Caferoğlu, Eski Uygur Türkçesi Sözlüğü, İstanbul, 1968, 12.

[45] İsmet Binark, "Türk Dünyasının en Eski İçtimai Yardım Müessesi, Vakıflar ve Uygurlar Türklerinde Vakıf", **Türk Kültürü** (Nisan 1969), LXXVI, 427-428.

[46] Ebi Bekr Muhammed b. Ca'fer en- Narşahi, **Tarih-i Buhara** (Hzr. E. Bedevi N. Et-Terzi) Mısır 1965, 8; Edouard Chvannes, Documents sur les Tou Kieu (Turcs occidentaux) Recueilles et Commentes notes additionelles, Paris 1903, 90.

[47] Jess, P. Asmussen, Kuastvanift, Studies in Manicheism, Copenhagen 1965, 169-170.

«Азмаз йерчи, йанылмаз билге, унутмиз өтүчи, йанылмаз биткеги», «Тинуглуг саб, тамгалиг битиг».

Бул макалдар акылмандуулуктун улуулугу жөнүндө.[48] Саякатчы кытайлык поп Hsuan- tsang'ka ошол аймакта жашаган түрктөрдүн урмат-сый көрсөтүүсү жогорудагы сөздөрдү далилдейт.[49]

Булардын баары түрктөрдүн адамдык улуу сапаттары ошол мезгилдеги коншулаш маданияттарга салыштырмалуу канчалык жогоруда болгондуктарын айгинелейт.

[48] James Hamilton-Louis Bazin, Un Manuscrit Chiniois et Turc Runiforme de Touen-Hous… British Museum Or 8212 (78) at (79). **Turcica**, Paris 1972, IV, 37.
[49] Tezcan, 318.